**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ**

**ТОГУЗ-ТОРО РАЙОНУ**
**КАРГАЛЫК**
**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**

**ТОГУЗ-ТОРОУСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**КАРГАЛЫКСКОГО**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

## Каргалык айылдык кеңешинин (I чакырылышынын) кезектеги VIII сессиясынын № 20 ТОКТОМУ

18 - апрель 2025-жыл — Казарман айылы

### Каргалык айыл өкмөтүнүн 2025 - жылдын 10 - апрель №01-6/302 чыгыш сандуу катын кароо (трансформациялоо) жөнүндө

«Айыл чарбасы, жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү, жалпыга маалымдоо каражаттары, жаштар, спорт жана коомдук уюмдар боюнча » туруктуу комиссиясынын төрагасы Жолокеев Нурадил Турсунбековичтин маалыматын угуп жана талкуулап, Каргалык айылдык кеңешинин Регламентинин 2-главасынын 2.1-пунктуна ылайык, Каргалык айылдык кеңешинин (I чакырылышынын) кезектеги VIII сессиясы **токтом кылат:**

1. Балыкчы - Казарман - Жалал - Абад “Түндүк - Түштүк” альтернативдик жолундагы “Көк - Арт” тоннели аркылуу транспорт каражаттарынын өтүүсү үчүн жыйым алуу максатында көзөмөл - өткөрүү пунктун куруулушу үчүн Каргалык айыл аймагынын “Кара - Талаа” участкасынын №90 контурунан 1,0 (бир) га кайрак айдоо аянттын Кыргыз Республикасынын “Жер участокторун которуу (трансформациялоо) жөнүндөгү 15- июль 2013- жылдагы №145 мыйзамына ылайык “Айыл чарба багытындагы жерлер” категориясынан “Өнөр жайынын, транспорттун, байланыштын, коргонуунун жерлери жана башка багыттагы жерлер ” категориясына которууга макулдук берилсин.
2. Бул токтомду аткаруу жагы Каргалык айыл өкмөтүнүн башчысына тапшырылсын.
3. Бул токтом Каргалык айыл өкмөтүнүн kargalyk.gov.kg расмий веб-сайтына жарыялансын.
4. Бул токтомду көзөмөлдөө “Айыл чарбасы, жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү, жалпыга маалымдоо каражаттары, жаштар, спорт жана коомдук уюмдар боюнча” туруктуу комиссиясынын төрагасына тапшырылсын.

**Каргалык айылдык кеңешинин төрагасы** **Т.И.Токтоболотов**